
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ОКУУ-ӨНДҮРҮШТҮК КОМПЛЕКСИ**
**К.Ш.ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

# *Окуу – көзөмөл департаментинин 2020-2021-окуу жылында жүргүзгөн иштери боюнча отчету*



**Жалал-Абад – 2021-ж.**

«БЕКИТЕМИН»
К.Ш. Токтомаматов ат. ЭАУнун ректору
э.и.д., профессор Омурзаков С.А.
_______________
«___» _______ 2021ж.

# Окуу - көзөмөлдөө департаментинин 2020-2021- окуу жылында жүргүзгөн иштери боюнча отчету

Окуу-көзөмөлдөө департаменти К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин окумуштуулар кеңешинин 28.06.16ж. №32 токтомунунун жана ректордун 15.08.16ж. №98 буйругунун негизинде түзүлгөн.

Окуу-көзөмөлдөө департаменти төмөндөгүдөй штаттык бирдиктерден турат:

- департаменттин директору;
- жетектөөчү адис;
- инспектор;
- 3 диспетчер.

## Окуу - көзөмөлдөө департаментинин негизги максаттары

» Окуу процессин уюштуруу жана жөнгө салуу боюнча кызматкерлердин кесиптик ишмердигин камсыздоо;
» Окуу иштерин максаттуу пландаштыруу, окуу процессин талдоо, ага түзөтүү киргизүү көзөмөлдөө жана башкаруу;
» Окуу процессин камсыздоочу тармактарга окуу-усулдук кеңеш берүү жана түрдүү көмөк көрсөтүү.

## Окуу - көзөмөлдөө департаментинин милдеттери:

## I. Окуу процессин пландоо

» Окуу процессинин графигин жана иш пландарын бекитүү;
» Университетти жаңы окуу жылына даярдоо боюнча иш чараларын иштеп чыгуу;
» Окуу процессин бланкалык документтер менен камсыздоо;
» Окуу процессин өнүктүрүүнүн келечегин мерчемдөө боюнча ректоратка сунуш даярдоо;
» Кафедралардын сааттык фондун бөлүштүрүү;
» Сабактардын жадыбалын түзүү;

» Зачет-экзамендердин жана учурдагы текшерүүнүн графигин түзүү.

**II. Көзөмөлдөө**

» Окуу процессинин жүрүшүн көзөмөлдөө;
» Студенттердин жетишүүсүн талдоо;
» Окутулуучу сабактардын окуу программаларынын талапка ылайык түзүлүшүн көзөмөлдөө;
» Студенттердин сандык кыймылын көзөмөлдөө;
» МАКтын түзүлүшүн, дипломдук иштердин корголушун жана мамлекеттик экзамендердин тапшырылышын, отчеттук документтердин толтурулушун көзөмөлдөө;
» Зачет-экзамендердин жана модулдардын өз убагында тапшырылышын көзөмөлдөө;
» Сабактардын жадыбал менен шайкеш өтүүсүн көзөмөлдөө;
» Аудиториялык фондду максаттуу пайдаланууну көзөмөлдөө;
» Окутуучулардын жана кызматкерлердин эмгек тартибин сактоосун көзөмөлдөө.

2020-2021- окуу жылында окуу-көзөмөл департаменти бекитилген иш планга ылайык иш алып барды. Жаңы окуу жылы үчүн кабыл алуу кампаниясынын жыйынтыгы боюнча ар бир структуранын 1-курсунун тайпалары такталып, анын негизинде окуу процессинин графиги, ар бир адистиктер жана багыттар боюнча семестрдик пландар такталып, өзгөртүлүп бекитилди.

Окуу жылынын башталышында окуу жараянын максаттуу жүргүзүү жана уюштуруу максатында жаңы окуу жылына карата окуу процессине тиешелүү болгон төмөндөгүдөй иш кагаздары даярдалды:

- Окуу жараянынын графиги;
- Жарым жылдыктардын мерчеми;
- Кафедраларга тиешелүү сабактарды бөлүштүрүү жана бекитүү;
- Студенттердин санын аныктоо;
- Окуу жадыбалын мөөнөттөргө бөлүштүрүү;
- Окуу-кааналарын максаттуу пайдалануу боюнча кафедраларга бекитип берүү.

Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 26-июнундагы № 498/1 буйругунун негизинде жогорку кесиптик билим берүүнүн баардык багыттары боюнча окуу пландарынын гуманитардык, социалдык, экономикалык циклындагы милдеттүү сабактардын эмгек сыйымдуулугу жана тизмеси өзгөртүлүп, жаны окуу жылына карата багыттар жана

адистиктер боюнча AVN программасы аркылуу окуу, жумушчу мерчемдерине түзөтүүлөр киргизилип жана ошондой эле жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча төмөнкү багыттар жана адистиктердин окуу мерчемдери кайрадан иштелип чыгып жаныланды жана бекитилди:

Жогорку кесиптик билим берүү программасы

580100 Экономика (Бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит", "Каржы жана насыя", "Ишканалардагы башкаруу жана экономика" профилдери) – күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

71500 Интернет технологиялар жана башкаруу – күндүзгү окуу боюнча;

530500 Юриспруденция ("Бизнес жана укук" профили) -күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

550700 Педагогикалык билим берүү ("Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу" профили) - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

550300 Филологиялык билим берүү ("Түрк тили жана адабияты профили) - күндүзгү окуу боюнча;

530800 Эл аралык мамилелер ("Сырткы экономикалык байланыштар жана эл аралык кызматташтык" профили) - күндүзгү окуу боюнча;

580200 Менеджмент ("Уюм менеджменти" профили) - күндүзгү окуу боюнча;

600200 Туризм ("Туроператордук жана турагенттик кызматтарды уюштуруу жана технологиясы" профили) - күндүзгү окуу боюнча;

Орто кесиптик билим берүү программасы

030505 "Укук таануу" адистиги - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

030504 "Социалдык камсыздоону уюштуруу жана укук" адистиги - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

040101 "Социалдык иш" адистиги - күндүзгү окуу боюнча;

050709 "Башталгыч класстарда билим берүү" - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

050704 "Мектепке чейинки билим берүү" адистиги - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

080106 "Каржы" адистиги - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

080107 "Салык жана салык салуу" адистиги - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

080110 "Экономика жана бухгалтердик эсеп" адистиги - күндүзгү жана сырттан окуу боюнча;

080108 "Банк иши" адистиги - күндүзгү окуу боюнча;

100106 "Коомдук тамактанууда тейлөөнү уюштуруу" адистиги - күндүзгү окуу боюнча;

100201 "Туризм" адистиги - күндүзгү окуу боюнча;

260903 "Тигилүүчү буюмдарды конструкциялоо, моделдөө жана технологиясы" адистиги - күндүзгү окуу боюнча;

220206 "Маалыматты иштеп чыгуунун автоматташтырылган тутумдары жана башкаруу" адистиги - күндүзгү окуу боюнча;

Ошондой эле жаңы ачылган "Филологиялык билим берүү" багытынын "Орус тили жана адабияты" профили боюнча окуу планы түзүлүп, бекитилди.

Окуу-кааналарын максаттуу пайдалануу үчүн усулдук жана лабораториялык кабинеттердин абалы текшерилип, курстардын жана тайпалардын саны эске алынып окуу жараянын 2 мөөнөттө жүргүзүү боюнча бөлүштүрүү жумуштары аткарылды.

Жаңы окуу жылына карата күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрү боюнча сабактардын жадыбалы түзүлүп, бекитилди. Окуу процессинин графигине ылайык модуль, экзамендердин графиктери түзүлдү. Түзүлгөн жадыбалга ылайык окутуучулардын сабакты өз убагында, үзгүлтүксүз өтүүсүн, модуль, сынактарды алуу үчүн тесттердин өз убагында маалыматтык технологиялар борборуна берилишин көзөмөлдөө окуу-көзөмөл департаментинин кызматкерлери тарабынан жүргүзүлүп, тартип бузуулар боюнча ректоратка билдирүүлөр даярдалып, чара көрүү боюнча сунуштар берилди.

Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жаңы окуу жылына болгон даярдыгы көзөмөлгө алынып, алардын окуу-усулдук жана материалдык-техникалык базаны чыңдоо боюнча түрдүү сунуш пикирлери окуу жайдын жетекчилигине маалымдалды.

Кафедралардын окуу жүктөмдөрүн, кафедра мүчөлөрүнүн жекече окуу-жүгүн бекитүү, ошондой эле кафедралардын жаңы окуу жылына окуу-усулдук комплекстердин түзүлүп бекитилиши көзөмөлгө алынды.

Окуу жараянында колдонулуучу бланкалык иш кагаздары, журналдары өз убагында даярдалып, бардык бөлүмдөр жана түзүмдөр жеткиликтүү деңгээлде камсыздалды.

Окуу жылынын алгачкы айларында окуу жай боюнча 2-НК, 3-НК отчеттору даярдалып, шаардык статистикалык комитетине өз убагында тапшырылды.

Күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн академиялык карыздарды жоюунун, модулдарынын, сессияларынын, ошондой эле практикаларынын, графиктери окуу жараянынын мерчемине ылайык бекитилип, алардын жүрүшү көзөмөлгө алынды.

Бүтүрүүчү курстарда мамлекеттик аттестациялоонун жүрүшү, квалификациялык иштердин темаларынын бекилиши көзөмөлгө алынып, обзордук лекциялардын жана консультациялардын жадыбалы өз убагында түзүлүп, МАКтын төрагасы жана мүчөлөрүн тактоо боюнча билдирүүлөр ректоратка берилди.

“Кыргыз тил жана адабияты,Кыргызстан тарыхы,Кыргызстандын географиясы” дисциплиналары боюнча окуу жараянынын мерчемине ылайык МЖАнын жадыбалы бекитилип, мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагалары жана курамынын мүчөлөрү өз убагында такталып, Билим берүү жана илим министрлигине жөнөтүлдү.

Өлкөдөгү эпидемиялогиялык кырдаалга байланыштуу 2020-2021-окуу жылында сабактар жана МАКтар онлайн жана офлайн режиминде жүргүзүлүп, лекциялык, практикалык сабактардын өтүлүшү, ошондой эле сабактарга байланыштуу лекциялык материалдардын AVN программасына жүктөлүүсү көзөмөлгө алынды. Сабактар WhatsApp, ZOOM программалары аркылуу өтүлүп, сабактардын өтүлүшү ОКДнын кызматкерлери тарабынан күн сайын текшерилип жатты.

2021-2022- окуу жылына карата дирекциялардын, кафедралардын жаңы окуу жылына карата даярдык актылары кабыл алынып, жаңы окуу жылынын окуу жараянынын графиги, жарым жылдыктын мерчемдери түзүлүп бекитилди. Ошондой эле жаңы окуу жылынын окуу жүктөмдөрү болжолдуу бөлүштүрүлүп, ар бир кафедра боюнча болжолдуу окуу жүгү, бош орундар такталып, I проректорго маалымат берилди.

ОКДнын директору Г.С. Сыдыкова